УДК 811.512.154:81'37
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-6-128-133

# ЭТАЛОННЫЕ ПОНЯТИЯ, СВЯЗАННЫЕ С КОНЦЕПТОМ «ТӨРТ ТҮЛҮК»

***Э.Т. Толокова***

*Аннотация*. С лингвокультурологической точки зрения исследованы слова и словосочетания, фразеологизмы, пословицы и поговорки, связанные с концептом «төрт түлүк» в кыргызском языке, и раскрыто его эталонное значение по тематическому признаку. Кыргызский язык очень богат лексикой, связанной с животноводством. Кыргызский народ, издревле занимавшийся животноводством, ассоциирует различные понятия и явления в повседневной жизни (форма, объём, размер, характер, поведение, время, расстояние и т. д.) с нравом, внешним видом, поведением и образом жизни крупного и мелкого рогатого скота, благодаря чему значительно обогатился его словарный запас. Сравнения в пословицах, поговорках и фразеологических оборотах, связанных с концептом «төрт түлүк», отражают многовековое мировоззрение и мировосприятие кыргызского народа.

*Ключевые слова:* концепт «төрт түлүк»; национальная культура; пословицы; поговорки; фразеологизмы; эталоны.

# ТӨРТ ТҮЛҮККӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЭТАЛОНДУК ТҮШҮНҮКТӨР

***Э.Т. Толокова***

*Аннотация*. Бул макалада кыргыз тилиндеги «төрт түлүк» концепттине байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, фразеологизмдер, макал-ылакаптар лингвомаданият таануу илиминин чегинде иликтөөгө алынып, анын эталондук маанимазмуну тематикалык негизде чечмеленди. Кыргыз тили – мал чарбачылыкка байланыштуу лексикага өтө бай. Байыртадан малчылык менен күн көргөн кыргыз эли жашоо-тиричиликтин ар кыл көрүнүштөрүн (форма, көлөм, өлчөм, мүнөз, кылык-жорук, убакыт, аралык чен өлчөмү ж. б.) короосундагы төрт түлүк малынын кулк-мүнөзүнө, кебете-кешпирине, баскан-турганына, жашоо образына салыштырып сыпаттаган жана аны менен кыргыздын сөз казынасы байыган. Төрт түлүккө байланыштуу макал-ылакап, фразеологизмдердеги туруктуу салыштыруулар кыргыз элинин кылымдарды карыткан дүйнө таанымын, дүйнө туюм өзгөчөлүгүн чагылдырат.

*Түйүндүү сөздөр:* концепт «төрт түлүк»; улуттук маданият; макалдар; ылакаптар; фразеологизмдер; эталондор.

# REFERENTIAL MEANINGS RELATED TO THE CONCEPT OF «TORT TULUK»

***E.T. Tolokova***

*Abstract*. In this article linguocultural analyses of words and word combinations, set expressions and proverbs related to the concept "tort tuluk" (domestic animals) in the Kyrgyz language have been done and its referential meaning has been studied on thematic basis. The Kyrgyz language is very rich in vocabulary related to animal husbandry. The Kyrgyz people, who have made a living from animal husbandry since ancient times, described various aspects of life (shape, size, measure, character, behavior, time, distance, etc.) comparing to the character, appearance, behavior of the domestic animals they had in their yard, and thus the Kyrgyz vocabulary was enriched. Constant comparisons in proverbs and idioms related to the "tort tuluk" reflect the age-old worldview and world picture of the Kyrgyz people.

*Keywords:* the concept of «tort tuluk»; national culture; proverbs; sayings; phraseological units; standards.

**Киришүү.** Төрт түлүккө байланыштуу фразеологизм, макал-ылакаптар кыргыз менталитетинин дүйнө таанымын, дүйнө туюм өзгөчөлүктөрүн, кыргыз тилиндеги дүйнө бейнесинин тилдик чагылышын (языковая картина мира) чагылдыруучу өзгөчө касиетке ээ. Кылымдарды карыткан улуттук маданий маалыматтар, туруктуу салыштыруулар төрт түлүккө

байланыштуу лексикада кеңири камтылгандыктан, анын иликтөөгө алынышы актуалдуу болуп саналат.

Табигый тил сыяктуу эле улуттук маданияттын да тил ээсине түшүнүктүү, ийкемдүү өз тили бар. Ар бир эл өз жашоосуна мүнөздүү болгон маданий көрүнүш, түшүнүктөрдү акыл калчап түшүнүп, кабыл алып, баш ийип, өмүр бою анын жетегинде жашайт. Кулакка угулбаганы менен, акылыбызда купуя жашап, кылымдар бою жашоо-турмушубузду жетектеп келген улуттук маданияттын тили – сырдуу тил. Улуттук маданият адамдын аң-сезиминде сөзгө айланып, ар кыл аталышка ээ болуу менен, кылымдар бою өз ара пикир алышууда кеңири колдонулуп, улуттук баалуулукту муундан-муунга өткөрүүчү касиетке ээ. «Коом», «улут», «менталитет» деген түшүнүктөрдүн жаралуу процессинде тил – улуттук маданияттын калыптануусунун негизги каналы катары кызмат кылат [1, 45–57-бб.].

Лингвомаданий изилдөөдө нукура тилге мүнөздүү белгилер менен катар эле тилдик белгиге жашырылуу менен жаңы түзүлүшкө ээ болгон образдар, тактап айтканда, тилдик белгинин маданият тилинин денеси катары кызмат кылуусу иликтенет. Тил сыяктуу эле өзүндө маданият феноменин камтыган белгилердин изоморфтоштурулушу – лингвомаданият таануу илиминин методологиялык негизин түзөт жана “Лингвокультурология призвана исследовать и описать взаимодействие языка и культуры не только и не столько в её этнических формах (которые привлекаются скорее как свидетельства преемственности культуры этноса и культуры национальной), сколько в формах национальной и общечеловеческой культур в их современном состоянии или в определённые синхронные срезы этого взаимодействия”, деп белгилейт окумуштуу В.Н. Телия [2, 216-б.]. Лингвомаданият таануу илиминин методологиялык негизин түзгөн түпкү постулаттардын бири бул – маданият менен тил – ар бири өз алдынча жашаган семиотикалык кубулуштардын бири болгондугунда жана алардын ар бири өзүнө таандык жекече тилге ээ экендигинде.

**Маданият бул – образдуу түрдө (кандайдыр бир кыймыл-аракет, көрүнүш, түшүнүк, мамиле түрүндө) аң-сезимде жашаган купуя тил болсо, табигый тил – аны атаган белги болуп саналат.** Тил менен маданияттын ашташкан жеринде лингвомаданият таануу илими пайда болуп, маданий-тилдик белгилер табигый тил аркылуу жөнгө салынат. Кадимки тил маданияттын тилге айланып өзгөргөн абалынын функциясын аткарып, мында вербалдык бирдиктин жеке лингвистикалык мүнөзү экинчи планга өтөт. Ошондуктан лингвомаданият жеке өзүнө гана таандык грамматикага жана сөздүккө ээ болуп, ал өз алдынча семиотикалык түзүлүш катары жашайт. Ал эми ушул семиотикалык түзүлүш жеке өзүнө таандык бирдиктерге ээ болгон подсистемалардан турат. Учурда лингвомаданиятка когнитивдик, метафоралык, эталондук жана символдук подсистемалар кирери көптөгөн окумуштуулар тарабынан далилденди. Аталган подсистемалардын чеги өтө ийкемдүү келип, ментофактылар (аң-сезимдин мазмундук бирдиктери), метафоралар базасы, символдор базасы, эталондор базасындагы «көркөмдүктөр» («ниши» базовых эталонов) дал ушул подсистемалардын негизги бирдиги катары кызмат кылат.

В.Н. Телиянын пикири боюнча, тил ээси кандайдыр бир деңгээлде билип туруп улуттук маданиятты интерпретациялоочу каражат катары маданий маалымат камтылган тилдик бирдиктерди колдонушу мүмкүн, анткени “и в той мере, в какой культура, её концепты, символы, эталоны, стереотипы и т. п. присвоены через язык, она релятивизирована к нему. Но и языковые сущности в этом случае релятивизированы к культуре, поскольку они включают в себя культурные компоненты, воплощённые в их денотативное (дескриптивное) или коннотативное содержание”, – деп белгилейт окумуштуу [2, 228-б.]. Ошол эле учурда тил ээси лингвомаданияттын бардык подсистемаларын колдоно билүү менен бирге, тилдик белгинин артында жашырылган маданий түшүнүктү кодировать жана декодировать эте алышат жана бир эле учурда тилдин, маданияттын, лингвомаданияттын, коммуникациянын субъектиси боло алат.

**Актуалдуулугу.** Кыргыз тили мал чарбачылыгына байланыштуу лексикага өтө бай. Байыртадан малчылык менен күн көргөн кыргыз эли жашоо-тиричиликтин ар кыл көрүнүштөрүн короосундагы төрт түлүк малынын кулк-мүнөзүнө,

кебете-кешпирине, баскан-турганына салыштырып сыпаттаган жана аны менен кыргыздын сөз казынасы байыган. Төрт түлүккө байланыштуу фразеологизмдерди, макал-ылакаптарды изилдөө өтө актуалдуу экендиги талашсыз, анткени төрт түлүккө мүнөздүү лексика кыргыз менталитетинин дүйнө таанымын, дүйнө туюм өзгөчөлүктөрүн, дүйнө бейнесинин тилдик чагылышын (языковая картина мира) чагылдыруучу касиетке ээ.

Макалада изилдөөнүн материалы катары төрт түлүккө байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, макал-лакаптар танталып алынып, алар лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистиканын чегинде иликтөөгө алынды.

Белгилүү окумуштуу С. Аттокуров малдын төрт түлүккө бөлүнүшү жөнүндө мындай пикирди айткан: «Кыргыздар байыртадан малды төрт түлүккө бөлгөн. Эне-Сайда *бугу, жылкы, багыш (бугунун бир түрү) кой* төрт түлүккө кирсе, Ала-Тоодо *кой, жылкы, уй, төө* төрт түлүккө кирген. Бирок кыргыз жергесинин территориясына жараша түндүктө төрт түлүккө *төө* кирсе, түштүктө *эшек* кирген. Малды төрт түлүккө бөлүү географиялык шарт менен түшүндүрүлөт. Тоолук кыргыздарда *топоз* мал чарбачылыгынын мерчемдүү тармагын түзсө, түздүк кыргыздарда (өзгөчө Фергана өрөөнүндө) *эшек* түзгөн. Алсак, Ат-Башыда, Алайда, Памирде, Ысык-Көлдүн сыртында *топоз* эт, сүт, күч багытында өстүрүлүп, чарбада чоң мааниге ээ болгон да, ал *койдон* кийинки орунда турган. Ал эми түштүктө *эшек* мингич жана жүк ташуучу роль аткаргандыктан, чарбада *төө* менен *жылкынын* ордун баскан. Ошондуктан төрт түлүктүн бири же *топоз*, же *эшек* болору талашсыз» [3, 82–83-бб.].

Биз бул макалада окумуштуу С. Аттокуровдун пикирине кошулуу менен, кыргыз элинин *«Эшек барга саналса да, малга саналбайт», "Эшектин күчү – адал, сүтү – арам"* деген макалдарындагы улуттук түшүнүктөргө таянып, «төрт түлүк» концептосферасынын чегинде *жылкы, төө, уй, кой-эчкиге* байланыштуу тил каражаттарын талдоого алууну туура көрдүк. Ал эми эшекти кыргыздын мал чарбачылыгынан бөлүп кароо мүмкүн эместигинен улам, эшекке байланыштуу лингвомаданий маалыматтар изилдөөнүн жүрүшүнө ылайык чечмеленди.

*Эталон – бул зат, кубулуш, объекттерге мүнөздүү касиет-сапаттардын улуттук аңсезимге сиңген, калыпка салынган сөздөгү образдуу мааниси.* Жалпы тил илиминде, анын ичинде лингвомаданият таануу илиминде «эталон» деп аталган бул лингвомаданий терминди биз бул макалада *«элдин касиет-сапаттык чен-өлчөм түшүнүгү»* деген термин менен атайбыз. Адамга, табият кубулуштарына жана анын касиет, сапаттарына жана башкаларга байланыштуу нормативдүү түшүнүктөр элдин калыптанган касиет-сапаттык чен-өлчөм туюму аркылуу өлчөнүп-ченелип, бааланып тилде чагылдырылат. Эталондо көмүскө түрдөгү буюруу мааниси камтылган жана анда адамдын уккан нерсесин акыл калчап түшүнүүсүнө жол бербеген, тактап айтканда, буга чейин биздин ата-бабабыз кайсы бир затты, объект же кубулушту кандай чен-өлчөмдө баалап айтып келген болсо, так ошол бойдон эч өзгөртпөстөн кабыл алуубузду мажбурлаган касиет бар. Мисалы, белгилик маанидеги:

*бото көз* (бакырайган, жоодураган, балбылдаган чоң көз), *кой көз* (көздүн кара-күрөң келген өңү), *музоо кирпик* (жакшынакай узун кирпик) туруктуу сөз айкаштарында кыргыз элинин сулуулукка байланыштуу чен-өлчөм түшүнүгү;

*койдой жоош* (момун, токтоо, созулган, аркы-берки менен иши жок), *жылкы кыял* (чунаңдап мүнөзү тез өзгөрүлүп турган, чырт дей түшмө, жалт берме) туруктуу сөз айкаштарында мүнөзгө байланыштуу чен-өлчөм түшүнүгү;

*ат жалын тартып минүү* (эр жетүү, чоңоюу, бойго жетүү) туруктуу сөз айкашында баланын курагына байланыштуу кыргыз элинин чен-өлчөм түшүнүгү камтылып, бул түшүнүктөр кылымдар бою эч өзгөрбөй, муундан-муунга өтүп келген.

Эталондо дүйнө кубулуштары, дүйнө бейнеси улуттук типте баамдалып сүрөттөлгөндүктөн, анда улуттук дүйнө тааным, дүйнө туюм, көз караш кеңири камтылат. Демек, *эталон – зат, кубулуш, объекттердин касиет-сапаттарын образдуу чагылдырган сөздөгү өлчөм, ченемдер болуп саналат.* Кыргыз тилинде төрт-түлүккө

байланыштуу сөз жана сөз айкаштарында, фразеологизмдерде эталондор кеңири жайылган жана аларды төмөнкүдөй тематикалык топторго бөлүп кароого болот:

***кой-эчкиге байланыштуу:***

*кой маарек тартуу* (жоошуп калуу, токтоо тартуу), *кой оозунан чөп албаган* (кишиге өйдө карабаган, абдан жоош, момун, куулук-шумдугу жок, эч кимге жаманчылык кылбаган), *кой терисин жамынган* (өзүнүн чыныгы жүзүн, ким экендигин жаап-жашырган, түрүн өзгөртүп, тымызын душмандык кылган), *эчкинин жашындай жашы калуу* (карылыгы жетип, өлөр мезгили жакындоо), *эгиз козудай* (окшош), эчки сакал, *шыйрагын карматпоо* (бербөө, колуна тийгизбөө) ж. б.;

***жылкыга байланыштуу:***

*жылан чакпай, жылкы теппей* (эч нерсе болбой, жөндөн жөн, эч себепсиз, өзүнөн өзү эле), *жылкыңа ченеп ышкыр!* (абалыңды, чамаңды байка, алыңа, мүмкүнчүлүгүңө жараша иш кыл), *атка жеңил, тайга чак* (1) жеңил желпи, эптүү, элпек, тил алчаак; 2) бат эле кепке алына коймо, баркы жок, жеңил баа), *ат тери кайтпоо* (эмгеги текке кетүү, куру убара болуу), *ат тердетпей* (жан кейитпей, анчалык кыйналбай), *ат жалынан табуу* (өзү мээнет кылбай, жан кыйнабай, жеңил-желпи жан багуу, бирөөлөрдүн эсебинен пайда көрүү), *ат тери кылуу* (бир аз гана, анча-мынча дыбыратып өтүү (жамгырга карата), *аттын кашкасындай* (так, даана, ачык-айкын) ж. б.;

***үйгө байланыштуу:***

*үй жалагандай* (таптаза), *үйгө килем жапкандай* (жарашыксыз, одоно, олдоксон), *үйдүн бөйрөгүндөй эл* (аз сандагы эл); *үй түгүндөй* (өтө көп, жер жайнаган), *үй түгүндөй жаан* (тез-тез майдалап жааган жамгыр), *үй мүйүз тартып отуруу* (тегерек тартып кырка отуруу), *жарга камалган сокур үйдай, үй тилиндей* ж. б.;

***төөгө байланыштуу:***

*буйлаланган төө* (кимдир бирөөнүн жетегинде калуу), *ботодой боздоо* (муңдуу үн менен ыйлоо, кейишке дуушар болуу, аянычтуу сыздаган үн чыгаруу), *түлөгөн тайлактай* (кейпи кетип, самсаалап, салбырап кийинген), *төө кыядан өтүү* (иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу), *төөнүн куйругу жерге тийгенде* (жакында болбой турган же такыр болууга мүмкүн болбогон нерсе), *төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок* (бир нерсени билсе да билбеген, көрсө да көрбөгөн, ал ишке катышы жок), *төөдөй милдет* (олуттуу милдет), *төөң ак тууду* (иши оңолуу, ойлогону ордунан чыгуу), *төөнүн көзүндөй* (өтө кичинекей (идиш-аякка карата), *төө бастыга алуу* (көптөп кетүү) [4, 800-б.]. ж. б.

*“Эшек”* кыргыз тилинде акылсыздыктын, маданиятсыз жүрүм-турум, маданиятсыз пикир алышуунун эталону. Алсак, *эшектин мээсин жеген* туруктуу сөз айкашы “келесоо, акылынан айныган” деген мааниде, ал эми эки аяктуу эшек (тилдөө маанисинде) “макулук, келесоо, макоо” деген мааниде кепте колдонулат. *“Эшек айкырса, булбул тынчыптыр”, “Эшек кашыганды, жаман сыйлаганды билбейт”, “Эшек семирсе, ээсин тебет”, “Эшектин кулагы узун, ушакчынын тили узун”* деген макалдар коомчулуктагы терс көрүнүштөрдү сыпаттоодо колдонулат.

Мал чарбачылыгында колдонулган буюм-тайымдардан, өзгөчө ат жабдыктарынан келип чыккан чен-өлчөм түшүнүктөрүнө төмөнкү сөз жана сөз айкаштарын кошууга болот:

<u>камчы:</u> *камчыга ченеп бөлүү* (жеңилген душмандын мал-мүлкүн ар кимдин эрдигине жараша үлөштүрүү), *камчы чабар* (таламын талашып, чабышууга жарап калган улан), *камчы салдырбаган, камчыга сап болорлук, камчысын чабуу, камчысынан кан тамган, куу камчы, кызыл камчы, чоң камчы* ж. б.;

<u>укурук:</u> *укуругу узун* (кайда болсо колу жетет, андан качып кутулууга болбойт” деген мааниде колдонулат) ж. б.;

<u>үзөңгү:</u> *үзөңгү жолдош* (бирге жүргөн, даражасы бирдей жолдош), *үзөңгүдөн бут таюу* (1) бийликтен, мансаптан ажыроо, иши кыйчалыштоо, начарлоо; 2) алдан-күчтөн кетүү), *үзөңгүнү чирене (сүзө)* тебүү (менменсинген, болуп-толуп турган абалда болуу), *эки үзөңгүнү бирдей теминүү* ж. б.;

<u>жүгөн:</u> *жүгөнсүз, ооздугу жок аттай* ж. б.

Ат жабдыктарына байланыштуу айрым фразеологизмдер адамдын коомдогу социалдык абалын туюндуруучу мүнөзгө ээ экендигин байкоого болот. Мисалы, *жайдак калуу, жалаң тондуу, жалгыз аттуу* ж. б. Кимдир бирөөнү баш

ийдирүү, бийликке умтулуу же бийликтен ажыроо маанилерин туюндурган фразеологизмдер: *жүгөн салуу / жүгөн катуу / жүгөндөө, ооздук салуу; тизгин талашуу, тизгини колдон түшүү, үзөңгүдөн бут таюу, эки тизгин, бир чылбыр колуна тийүү* [5, 503-б.] ж. б.

Кылымдар бою малчылык менен күн көргөн кыргыз эли зат, объект же кубулушту төрт түлүккө байланыштуу ар кыл түшүнүктөр менен өлчөп-ченеп айтып келишкен жана аларды төмөнкүдөй тематикалык топторго бөлүп кароого болот:

а) аралык чен-өлчөмүн туюндурган фразеологизмдер: *тай чабым* (болжолу 3 чакырым), *кунан чабым* (5–7 чакырым), *ат чабым* (25–30 чакырым), *козу көчүм* (жакын арага көчүп конуу, бир аз эле көчүп барып конуу);

б) убакыт чен-өлчөмүн туюндурган фразеологизмдер өз ичинен бир нече топко бөлүнөт:

<u>убакыт-саат:</u> *эт бышым* (эт бышканчалык убакыт, эки сааттык убакыт), *бээ саам, козу түш* (болжол менен күндүзгү саат 10 жарымдан 11 жарымга чейинки мезгил);

<u>төрт мезгил:</u> *ат кара тил болгондо* (жаз өтүп, жайга айланып калган мезгил); *ак төөнүн карды жарылган кез* (бышыкчылык, токчулук, берекелүү күз мезгили);

<u>жыл сүрүү:</u> *уй жылы, жылкы жылы; кой жылы;*

<u>заман</u>: *кой үстүнө торгой жумурткалаган заман* (адамдын бардыгы телегейи тегиз, береке жайнаган, байлыгы ашып-ташкан жыргал турмушта жашаган учур);

<u>мерчемдүү убактан өтүп кетүү:</u> *төө кыядан өтүү* (иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу);

<u>жакынкы мезгилде же такыр болбой турган нерсе:</u> *төөнүн куйругу жерге тийгенде;*

<u>убакытты текке кетирүү:</u> *эшек такалоо;*

в) сандык чен-өлчөмдү туюндурган фразеологизмдер: *уйдун бөйрөгүндөй* (аз сандагы); *уй түгүндөй* (өтө көп, жер жайнаган), *уй түгүндөй жаан* (тез-тез майдалап жааган жамгыр);

г) күч чен-өлчөмүн туюндурган сөз: *төөлүк* (1) төөгө тете, төөнүн күчүнө барабар; 2) айырмасы чоң, айырмасы бир кыйла жогору);

д) жоондук чен-өлчөмүн туюндурган эркин сөз айкашы: *жоондугу өгүздүн белиндей;*

е) бийиктик чен-өлчөмүн туюндурган сөз жана сөз айкаштары: *тушардан, укурук бою, аркан бою, төө бою (төөнүн боюндай);*

ж) калыңдык чен-өлчөмүн туюндурган сөз жана сөз айкаштары: *бир эли, эки эли, үч эли, төрт эли, таман* (жылкынын майынын калыңдыгын, семиздигин өлчөгөн чен-өлчөм);

з) көлөмдү туюндурган сөз жана сөз айкаштары: *бир кесим эттей, бир сан эттей, бир койдун же козунун этиндей, төөнүн (уйдун, жылкынын) этиндей;*

и) суюктук чен-өлчөмүн туюндурган сөздөр: *бир көнөк, бир көнөчөк, бир көөкөр, бир саба* (кымыз) (малдын терисинен жасалган идиш-аяктар);

к) майда заттын чен-өлчөмүн туюндурган туруктуу сөз айкашы: *төөнүн көзүндөй* (өтө кичинекей);

л) кургак заттардын чен-өлчөмүн туюндурган сөз жана сөз айкашы: *бир тулуп, бир тай кап (буудай);*

м) аянт чен-өлчөмүн туюндурган эркин сөз айкаштары: *бир талпактын ордундай; бир короо койдун ордундай;*

н) форма: *уй мүйүз тартып отуруу* (жарым тегерек болуп отуруу) [6, 775-б.] ж. б.

Макал-лакаптар ой жүгүртүүнүн башка системасы, элдин баалуулуктар системасы менен таанышууга шарт түзөт. Макал-лакаптар ой жүгүртүүнү гана өнүктүрбөстөн, анын таалим-тарбиялык мааниси да бар [7, 90–97-бб.].

“Ылакаптарда, макалга караганда, көбүнчө улуттук, жалпы элдик, аймактык түшүнүктөр камтылып, ошол элдин же аймактын эли гана түшүнө алгыдай абал чагылдырылат” [8, 40-б.]. Алсак, төрт-түлүккө байланыштуу “Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат” (адамдык экономикалык жашоо абалынын начардыгы, бирок жогору сүйлөгөнү); “Дыйканбай келбей ат чабылбайт” (бир адамдын коомдогу орду); “Торпок кезинде сүздүргөн, өгүз болгончо коркот” (жалтактык, коркоктук); “Атанын жаман көргөн уулу мал күтөт” (“Бешиктеги баланын бек болорун ким билет, карындагы баланын кан болорун ким билет?” деген макалга маанилеш); “Кара кой да кой, ак кой да кой” (бир абалды,

көрүнүштү жыйынтыктоочу сөз катары айтылат); “Уйга жүгөн салабы, көнгөн адат калабы?” (жаман адат); “Арзан бекен мал тапмак, оңой бекен жан бакмак?” (жашоонун кыйынчылыгы); “Арык уйга жоон мүйүздүн кереги эмне?”; “Атадан калган мал барбы, аяна турган жан барбы?”; “Балталууга отун жокпу, байталдууга катын жокпу?”; “Жаманды Кудай неге албайт, жаткан төөгө мине албайт”; “Жандай салып бастырса, жакшы атка жол жокпу?”; “Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу?”; “Зордукчуга мал жокпу?”; “Кетмен чаппай нан кайда, чеке терсиз мал кайда?”; “Кырк байталдын карызы карыз дейсиңби?”; “Мен салар да, сен салар, атка чөптү ким салар?”; “Музоом үйгө жакын жүрөсүң, уй соём деген кабар бар бекен?”; “Эки текем бир букача жок бекен?”; “Бозунач болбосо, ботом өлөт беле?”; “Уй мурдун “сасык” деп кесип салмак беле?”; “Мурунку чыккан кулактан, кийинки чыккан мүйүз озуптур” өңдүү ылакаптар белгилүү бир чөйрөдө ар кыл турмуштук кырдаалдарга ылайык колдонулат.

“Ылакаптар белгилүү бир окуянын негизинде пайда болгон же адамдардын жүрүш-турушунан алынган так, элестүү, өз тарыхы, каймана мааниси бар, кыска, образдуу сүйлөмдөрдөн турса, макалдар коомдук турмуштун бардык жагын камтыган, элдин турмуш тажрыйбасынан алынган, тарбиялык мааниси терең, курч, ойду бүтүрө айткан кыска сүйлөмдөрдөн турат” [9, 23-б.]. Мисалы, “Ат адамдын канаты”; “Атың барда – жер тааны, атаң барда – эл тааны”; “Ат айланып – казыгын табат, эр айланып – элин табат”; “Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот”; “Ат тойгон жерине качат, азамат туулган жерине шашат” [10, 10–129] ж. б.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төрт-түлүккө байланыштуу лексиканы бир макаланын чегинде ар тараптуу ачып берүү мүмкүн эмес экендиги жана бул иш келечекте когнитивдик лингвистиканын, лингвомаданият таануу илиминин чегинде терең иликтөөнү талап кылган эмгектердин катарына кирери байкалды жана мал чарбачылыкка байланыштуу лексика улуттук дүйнө таанымды чагылдыруучу касиетке ээ деп жыйынтык чыгарууга болот.

Поступила: 22.02.24; рецензирована: 07.03.24; принята: 12.03.24.

***Адабияттар***


1. *Маслова В.А.* Лингвокультурология / В.А. Маслова. М.: Академия, 2001.
2. *Телия В.Н.* Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурные аспекты / В.Н. Телия. М.: Языки русской культуры, 1996. 287-б. URL: https://vk.com/doc216341172_439043398?hash=DXCBY9kxrnOvHHKpEfWmRZTiA9l0BwDHb1DiehDKW8g (дата обращения: 25.02.2024).
3. *Аттокуров С.* Кыргыз этнографиясы / С. Аттокуров. Бишкек, 1998.
4. *Осмонова Ж.* Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү / түз. Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. Бишкек: Имак-Офсет, 2015.
5. *Юдахин К.К.* Кыргызча-орусча сөздүк. 40 000 сөзгө жакын: 2 китеп / К.К. Юдахин. Фрунзе: КСЭ, 1985.
6. *Абдулдаев Э.* Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / Э. Абдулдаев, Д. Исаев. Фрунзе: Мектеп, 1969.
7. *Потебня А.А.* Из лекций по теории словесности. Басня. Пословица. Поговорка // Потебня А.А. Теоретическая поэтика / А.А. Потебня. М.: Высшая школа, 1990.
8. *Боobekова К.С.* Кыргыз тилиндеги лакаптардын жалпы мүнөздөмөсү / К.С. Боobekова. Бишкек, 2022.
9. *Иманакунова К.Ш.* Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы, 13.00.02 (кыргыз тили): пед. илимд. канд. ... дис. / К.Ш. Иманакунова. Бишкек, 2017. URL: http://arabaev.kg/do.kg/uploads/%D0%98%D0%BC%D0%B0%D0%BD%D0%B0%D0%BA%D1%83%D0%BD%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%9A.%D0%A8.%D0%BA%D0%B0%D0%BD%D0%B4%D0%B8%D0%B4%D0%B0%D1%82%D1%82%D1%8B%D0%BA%20%D0%B4%D0%B8%D1%81%D1%81%D0%B5%D1%80%D1%82%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F%2024.10.2017.pdf (дата обращения: 25.02.2024).
10. *Койчуманов Ж.У.* Элдик педагогиканын берметтери / Ж.У. Койчуманов. Бишкек, 1996.